**Илимий жетекчи, медицина илимдеринин доктору Шамшиев Абдилатип Абдрахманович 14.02.03 – Коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган “Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)” аталыштагы диссертациясына**

**СЫН-ПИКИРИ:**

Исраилова Дарыгул Кубанычбековна 1982-жылы туулган, 2004-жылы ОшМУнун медициналык факультетин аяктап, 2006-жылы клиникалык ординатураны бүтүрүп, терапевт кесибине ээ болгон. Эмгек жолун 2009-жылы Ош шаарындагы ”Булут” Үй-бүлөлүк медицина борборунан баштаган.

Изденүүчү ОшМУнун медицина факультетинин Коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасына 2020-жылы 31-декабрда №1680 буйрунунун негизинде аспирантурага тапшырып, 2023-жылы 30-декабрда №5720-приказдын негизинде аяктаган. Бул мезгилде илим изилдөөгө кызыгуусу күчтүү болгондуктан университеттик жана эл аралык конференцияларда бир нече жолу катышып, өзүн өз алдынча изилдөөчү катары көрсөттү жана актуалдуу теманы тандаган.

Исраилова Дарыгул Кубанычбековна аспирантурада илимий изилдөөнүн ыкмаларын жана кесиптик ишмердүүлүгүнө керектүү билимди жана тажрыйбаны өздөштүргөн, бул изденүүчүгө диссертациялык ишти өз алдынча жүргүзүүгө мүмкүндүк берген, натыйжада 13 макала жарыяланган.

Азыркы учурда педагогикалык ишмердүүлүгүн практикалык ишмердүүлүк менен айкалыштырып иштейт, ОшМУнун медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасында окутуучу жана Ош атайын ооруканасында дарыгер болуп эмгектенет.

Диссертацияны аткаруу процессинде бардык тыянактар илимий жактан негизделген. Илимий иштин темасы азыркы учурда актуалдуу болуп эсептелет. Диссертация материалдары 18-июнь 2024-жылы Ош Мамлекеттик университетинин “Коомдук саламаттыкты сактоо” кафедрасында апробациядан өткөн жана изилдөөнүн натыйжалары Ош облусунун Ноокат районунун үй-бүлөлүк медицина борборуна (20.05.2024 жыл), Жалалабад облусунун Сузак районунун үй-бүлөлүк медицина борборуна (29.04.2024 жыл), Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борборуна (21.10.2024 жыл) практикага киргизилди.
Теориялык материалдары Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынынын окуу процессине киргизилди (22.05.2024 жыл).

Исраилова Дарыгул Кубанычбековна коюлган максаттарга жетүүдө өтө жоопкерчилик менен мамиле жасайт, адилеттүүлүктү баалайт. Алынган натыйжаларды талдоодо илимпоз катары калыптанды. Медицина илимдеринин кандидаты катары сыйлоого татыктуу деп эсептейм.

Илимий жетекчиси, м.и.д: Шамшиев Абдилатип Абдрахманович

19.12.2024 ж.